**“Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна**

# КОРУТУНДУ

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна корутундусу (мындан ары – Корутунду) Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык даярдалды.

Корутундуну даярдоодо Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2020-жылдын 10-июнундагы № 3822-VI токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын 2021-жылга бюджеттик резолюциясын жана 2022-2023-жылдарга божомолун” жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы № 790 “Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы жөнүндө” токтомун ишке ашыруу зарылдыгын эске алды.

## “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунун жалпы мүнөздөмөсү

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары – ММК фонду) бюджетинин параметрлери Кыргыз Республикасынын 2022-жылга орто мөөнөттүү бюджетинин жана 2023-2024-жылдарга божомолунун параметрлерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин медициналык камсыздандыруу жаатындагы мамлекеттик максаттуу программаларды жана иш-чараларды аткаруу боюнча кабыл алынган чечимдерине ылайык эсептелип чыкты.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 3-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 12-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, ММК фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу Кыргыз Республикасынын Мыйзамы түрүндө түзүлдү жана ММК фонду тарабынан 2021-жылдын 17-сентябрында № 01-1/3-10731 кат менен Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине макулдашууга жана

андан ары Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына багыттоо үчүн жөнөтүлдү.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык ММК фондунун бюджети жөнүндө мыйзам долбоору 2021-жылдын 17-сентябрындагы № 01-1/3-10731 кат менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Аппаратына жөнөтүлдү.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги 2021-жылдын 17-сентябрындагы № 01-1/3-10732 коштомо каты менен жогорудагы мыйзам долбоорун мамлекеттик жана расмий тилдерде коомдук талкуулоого Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий сайтына www.gov.kg дареги боюнча жарыялоо үчүн жөнөткөндүгүн, эске алуу керек.

Бирок бул мыйзам долбоору 2021-жылдын 24-сентябрында расмий жарыяланган жана Ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун талкуулоонун бирдиктүү порталында 2021-жылдын 1-октябрындагы ID 1109 номери менен жарыяланган.

"Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан макулдашылган, жактырылган жана 2021-жылдын 10-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жөнөтүлгөн.

Мыйзам долбоорунун 1-беренесине ылайык, ММК фондунун 2022-жылга бюджетин кирешелер жана чыгашалар боюнча 19 960,3 млн. сом суммасында бекитүү сунушталат.

Мыйзам долбоорунун 2-беренесинде ММК фондунун болжолдуу параметрлерин 2-тиркмеге ылайык жактыруу сунушталат:

- 2023-жылга кирешелер жана чыгашалар боюнча 20 029,8 млн. сом суммасында;

- 2024-жылга кирешелер жана чыгашалар боюнча 20 590,2 млн. сом суммасында.

Мыйзам долбоорунун 6-беренесинин 1-бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинен 2022-жылга ММК фондуна чегерилүүчү бөлүнгөн акча каражаттардын көлөмүн 15 267,5 млн. сом суммасында, 2023-жылга 15 406,2 млн. сом суммасында, 2024-жылга 15 769,7 млн. сом суммасында белгилөө сунушталат.

Мыйзам долбоорунун 6-беренесинин 2-бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинен 2022-жылга ММК фондунун бюджетине берилүүчү каражаттардын көлөмүн 3058,6 млн. сом, 2023-жылга 3 232,0 млн. сом жана 2024-жылга 3 414,6 млн. сом өлчөмүндө белгилөө сунушталууда.

Мыйзам долбоорунун 7-беренесинде 2022-жылдын башына карата милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу

төгүмдөрүнүн калдыктарынан түзүлө турган жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчанын көлөмүн 254,9 млн. сом өлчөмүндө белгилөө сунушталууда.

11-березенин 1-бөлүгүндө Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлгөн медициналык жана башка кызматтар үчүн төлөмдөр боюнча эсептөөлөрдү жүргүзүү үчүн колдонулуучу базалык ченемдерди бекитет.

Ошол эле учурда, 11-березенин 2-бөлүгүндө 2022-жылга калктын жан башына эсептегенде базалык мамлекеттик медициналык камсыздандыруу боюнча эсептик көрсөткүч жыйырма үч эсептик көрсөткүчтөн кем эмес же 2300 сомдон кем эмес өлчөмдө белгиленет.

## ММК фондунун бюджетинин киреше бөлүгүнө талдоо жүргүзүү

ММК фондунун 2022-жылга бюджетинин долбоорунун негизги параметрлери жана 2023-2024-жылдарга божомолу ММК фондунун 2021-жылга бюджетинин параметрлерине жана анын күтүлүп жаткан аткарылышына салыштырмалуу төмөнкү таблицада келтирилген:

(млн. сом)

| Аталышы | 2021-жыл | | | айырма (+,-) | 2022-жыл | Божомол | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | бекитилген | Күтүлүүчү аткарылышы | % аткарылышы | (6-топ-2-топ) | долбоор | 2023-жылга божомол | 2024-жылга божомол |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| **Кирешелер бардыгы:** | **15 433,8** | **19 965,6** | 129,3 | **4 526,4** | **19 960,3** | **20 029,8** | **20 590,2** |
| анын ичинде: | | | | | | | |
| КР СФдан берилүүчү каражаттар | 2 598,1 | 2 823,8 | 108,7 | 460,5 | 3 058,6 | 3 232,0 | 3 414,6 |
| Республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттар | 11 191,3 | 15 039,2 | 134,4 | 4 076,2 | 15 267,5 | 15 406,2 | 15 769,7 |
| Эл аралык уюмдардан трансферттер | 310,8 | 216,5 | 69,7 | -245,8 | 65,0 | | |
| Жыл башындагы калдык | 243,5 | 647,1 | 265,7 | 189,0 | 432,6 | 254,9 | 269,3 |
| Акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн келип түшкөн каражаттар | 1 078,1 | 1 234,0 | 114,5 | 46,5 | 1 124,6 | 1 124,6 | 1 124,6 |
| ММК фондунун башка кирешелери | 12,0 | 5,0 | 41,7 | - | 12,0 | 12,0 | 12,0 |

“Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунда 2022-жылга ММК фондунун бюджетинин кирешелеринин болжолдонгон жалпы көлөмү 19 960,3 млн. сомду түздү (2021-жылга кирешенин бекитилген көлөмүнө салыштырмалуу 4 526,4 млн. сомго же 29,3 %га көп).

ММК фондунун 2022-жылга бюджетинин кирешелеринин түзүмүндө Социалдык фонддун бюджетинен которулуучу каражаттар жалпы кирешенин 15,3 %ын, республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары тиешелүүлүгүнө жараша 76,5 %ын, акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдөн келип түшүүчү каражаттар (анын ичинде кошумча төлөм каражаттары) - 5,6 % жана башка келип түшүүчү каражаттар - 0,1 %ды түзөт.

**Республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттар**

ММК фондунун бюджеттик кирешелеринин болжолдонгон көлөмүнүн олуттуу үлүшүн, республикалык бюджеттен түшкөн каражаттар түзөт:

- 2022-жылы – 15 267,5 млн. сом, же кирешелердин жалпы көлөмүнүн 76,5 %, ал эми 2021-жылга бекитилген көлөмгө салыштырганда 36,4 %га же 4 076,2 млн. сомго жогорулады.

ММК фондунун бюджетинин 2022-жылга жана болжолдонуучу мезгилге 2023-2024-жылдарга карата киреше бөлүгү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2021-жылдын 8-июлундагы №13-1/5526 жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылдын 12-августундагы №03-4/3964 каттары менен жеткирилген контролдук сандарынын негизинде пландаштырылды.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинде мыйзам долбоорун макулдашууда, ММК фондунун 2021-жылдын 13-октябрындагы (чыгыш № 02-2/1482) кайрылуусунун негизинде, республикалык бюджеттен которулган каражаттар боюнча такталган контролдук сандар кыскартылды:

- 2022-жылдын бюджетинин долбоорунда 386,8 млн. сомго;
- 2023-жылдын бюджетинин долбоорунда 448,6 млн. сомго;
- 2024-жылдын бюджетинин долбоорунда 289,6 млн. сом суммасында.

Бул өзгөртүүлөр төмөнкү себептер менен байланыштуу:

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2018-жылдын 13-мартындагы № 152 буйругу менен бекитилген “Баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатын жакшыртуу программасы” боюнча Операциялык колдонмого ылайык, ММК фонду өз алдынча юридикалык жак болуп саналат жана 5, 6 жана 7-төлөмдөр менен байланышкан индикаторлорду ишке ашыруу боюнча бардык иш-чараларды ишке ашырууга жооп берет.

Юридикалык макулдашуулар күчүнө киргенден кийин Дүйнөлүк банк Финансы министрлигине 5 млн. доллар аванс катары төлөмдөрдү берди: 2,5 млн. долларды - Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын гранттык каражаттарынан жана 2,5 млн. долларды - Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын кредитинин каражаттарынан.

Бул каражаттардын ичинен 2021-жылдын 19-сентябрында Финансы министрлигинен ММК фондунун топтолгон эсебине ММК фондунун бюджетиндеги сметалык багыттамаларга тактоо киргизбестен туруп, 197,2 млн. сом келип түшкөн, б.а. республикалык бюджеттен которулган

каражаттар боюнча бул суммага жогорулатуу боюнча кошумча смета болгон эмес.

Республикалык бюджеттен ММК фондунун бюджетине берилүүчү бөлүнгөн акча каражаттар 197,2 млн. сомго жогорулатуу боюнча кошумча смета Финансы министрлиги тарабынан 2021-жылдын 2-ноябрында (№ID 19984) тастыкталды.

Бюджеттик жылдын аякташына жана COVID-19 коронавирус инфекциясы боюнча пандемияга байланыштуу, ММК фондунун бюджетинин чыгашаларынын артыкчылыктуу багыттарын эске алуу менен, ММК фонду тарабынан бул каражаттарды жылдын аягына чейин пайдалануу мүмкүн эмес.

Операциялык колдонмого ылайык, төлөмдөр менен байланышкан индикаторлорго жетүү боюнча авансылык төлөмдөрдүн суммасы мындай төлөмдөр менен байланышкан индикаторлор боюнча төлөнүүчү суммадан кармалат (орду толтурулат).

Төлөмдөр менен байланышкан 5-индикаторду ишке ашыруу шартында (Натыйжа: Мамлекеттик кепилдиктер программасынын түзүмү, процесси жана методологиясы иштелип чыгып, 2022-жылдын аягына чейин бекитилет) Дүйнөлүк банк тарабынан 1,0 млн. доллар же 84,8 млн. сом бөлүнөт.

Төлөмдөр менен байланышкан 6-индикатор боюнча (Натыйжа: Баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчүлөргө киши башына төлөөнүн учурдагы ыкмасы кайра каралып чыгып, толукталып иштелип чыгат жана бекитилет. Айрым артыкчылыктуу профилактикалык кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөнүн келишим формасын киргизүү, Баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү уюмдардын ишинин көрсөткүчтөрүн кайра кароо боюнча өзгөртүүлөр киргизилет), бул индикатордун аткарылышы 2023-жылдан тартып көзөмөлдөнөт.

Төлөмдөр менен байланышкан 7-индикатор боюнча, бул төлөмдөр менен байланышкан индикатор ММК боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу үчүн, ММК фондунун бюджетинин чыгашаларын кайра карап чыгууну жана жыл сайын 15 %га көбөйтүүнү колдойт, мындан тышкары, ММКнын Кошумча программасы боюнча дары-дармек каражаттарынын тизмеси артыкчылыктуу ооруларды максималдуу камтуу үчүн, кайра каралып чыгышы керек. Бул индикаторду аткаруу шартында Дүйнөлүк банк 2022-жылга 0,5 млн. доллар же 42,4 млн. сом бөлөт.

Жалпысынан 5 жана 7-индикаторлорго жетүүнүн көрсөткүчтөрү боюнча каражаттарды өздөштүрүүнүн болжолдонгон көлөмү 127,2 млн. сомду түзөт.

Алынган жана 2021-жылы өздөштүрүлбөгөн 197,2 млн сом өлчөмүндөгү авансты эске алуу менен, 2022-жылы ММК фондунун бюджетинде Жыйынтыктарга негизделген программа (ЖНП) боюнча 70,0 млн. сом өлчөмүндө калдык калат.

Буга байланыштуу, ММК фондунун 2022-жылга бюджетинде ММК фонду Жыйынтыктарга негизделген программа боюнча 386,8 млн. сом өлчөмүндөгү каражаттардын көлөмүн чагылдырууну туура эмес деп тапты,

анткени Оперативдүү колдонмого ылайык Программанын аягында Келишим күчүнө киргенден 6 ай өткөндөн кийин, Төлөмдөр менен байланышкан индикаторлорго жетишпесе (же жарым-жартылай гана жетишилген болсо) Финансы министрлиги алынган авансатардын суммасын Жыйынтыктарга негизделген программа жабылган күнгө чейин Дүйнөлүк банкка кайтарып берүүгө милдеттүү.

Мындан тышкары, Жыйынтыктарга негизделген программанын (ЖНП) аягында Финансы министрлиги ЖНП жабылган күнгө чейин, Дүйнөлүк банкка ЖНП боюнча алынган, ЖНП программасынын бүткүл мезгили үчүн иш жүзүндөгү чыгашалардан ашкан сумманын ордун толтурууга милдеттүү.

Финансы министрлиги республикалык бюджеттен 2022-2024-жылдары берилүүчү бөлүнгөн акча каражаттары боюнча бюджеттин болжолдуу параметрлерин төмөндөтүү менен, 2021-жылдын 15-октябрындагы (Чыгыш № 22-2/1383) ММК фондунун бюджети жөнүндө мыйзам долбооруна макулдук берди.

Белгилей кетүү керек, ММК фондунун 2022-жылга бюджетинин долбоорунда республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттарда оорунун очогунда жана ага теңдештирилген аймакта иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине жана ишке тартылган адамдарга компенсациялык төлөмдөрдү төлөөгө каражаттар каралган эмес, аталган каражаттар 2022-жылга республикалык бюджеттин социалдык пакетинде каралган.

## Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинен берилүүчү каражаттар

Төлөөчүлөрдүн негизги категориясы үчүн иштеген калкты милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмү “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, 2022-2024-жылдарга мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасынан 2,0 % өлчөмүндө белгиленген тарифтин негизинде эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан ММК фондунун бюджетине чегерилүүчү милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнөн, ММК фондунун жалпы кирешесинин көлөмү 2022-жылы 3058,6 млн. сом суммасында пландаштырылган (жалпы болжолдонгондон жылдык киреше көлөмүнүн 15,3 % же 2021-жылдын деңгээлинен 460,5 млн. сомго көп), 2023-жылы - 3232,0 млн. сом (жалпы болжолдонгон жылдык кирешенин 16,1 %ы же 2022-жылга караганда 173,4 млн. сомго көбөйтүлүү менен), 2024-жылы – 3414,6 млн. сом (жалпы болжолдонгон жылдык кирешенин 16,6 % же 2023-жылдын деңгээлинен 182,6 млн. сомго көбөйтүлүү менен).

Ошону менен бирге белгилей кетүү керек, “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга

божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунун 6-беренесинде 2022-жылга ММК фондун каржылоонун көлөмү 3058,6 млн. сом суммасында белгиленген, ошол эле учурда "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата Түшүндүрмө катта 2022-жылга карата ММК фондуна камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү 3105,2 млн. сомду түзө тургандыгы көрсөтүлгөн.

Башкача айтканда, ММК фондуна камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү менен 2022-жылы ММК фондун каржылоо көлөмүнүн ортосундагы айырма 46,6 млн. сомду түзөт, бул ММК фондуна чегерилүүчү камсыздандыруу төгүмдөрүнүн болжолдонгон келип түшүүчү сумманын 1,5 %ына барабар.

Өткөн жылдардагыдай эле Социалдык фонддун административдик чыгашаларына 1,5 % өлчөмүндөгү каражаттар кармалып калуусу күтүлүүдө, ошол эле учурда кармоонун себептери жана негиздери мыйзам долбооруна Түшүндүрмө катта көрсөтүлгөн эмес.

Ошондой эле белгилей кетүү керек, "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунда ММК фондуна берилүүчү каражаттардын суммасын Социалдык фонддун административдик чыгашаларынын суммасына азайтуу өлчөмүн белгилөө, б.а. 1,5 % кармап калуу жөнүндө беренелер жок. Мунун өзү 2022-жылы милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча алынган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн каражаттарын кармап калуу боюнча пайыздардын өлчөмүн белгилөө боюнча мыйзамдык ченем жок экенин, ошондой эле 2018-жылдан тартып бүгүнкү күнгө чейин жок экенин билдирет.

### ММК полисин сатуудан келип түшкөн каражаттар

ММК фондунун бюджетин түзгөн жогоруда көрсөтүлгөн булактардан тышкары ММК фондунун бюджетинин киреше бөлүгүнө ММК полисин сатуудан келип түшкөн каражаттар кирет. ММК фондунун 2022-жылга бюджетинин киреше бөлүгүнө ММК полисин сатуудан 10,0 млн. сом өлчөмүндө каражаттардын келип түшүүсү пландаштырылууда.

### ММК фондунун бюджетинин чыгаша бөлүгүнө талдоо жүргүзүү

ММК фондунун 2022-2024-жылдарга бюджетинин чыгымдарынын божомолу орто мөөнөттүү мезгилге пландаштырылган киреше булактарынын келип түшүүсүн эске алуу менен түзүлдү жана 2022-жылга - 19 960,3 млн. сом, 2023-жылга – 20 029,8 млн. сом, 2024-жылга – 20 590,2 млн. сом суммасында болжолдонууда.

Калкка медициналык-санитардык кызмат көрсөткөндүгү үчүн, Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарына өз

убагында акы төлөө, бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы № 790 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик кепилдиктер программасын ченемдик каржылоону камсыз кылуу үчүн, 2021-жылдын 27-августунда ММК фондунун 2022-2024-жылдарга бюджетинин долбоорун коомдук угууда бюджетти түзүү жана Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарына көрсөткөн медициналык кызматтары үчүн акы төлөө үчүн ченемдер талкууланды.

Чыгымдардын көрсөткүчтөрүн эсептөө төмөнкү болжолдуу топтоштурулган каржылоо ченемдеринин негизинде жүргүзүлдү:

- стационарлардын медициналык кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөөнүн базалык ченеми 5 193,24 сом өлчөмүндө;

- кургак учукка каршы саламаттык сактоо уюмдарына медициналык кызмат көрсөтүүлөрү үчүн акы төлөөнүн базалык ченеми 48 240,53 сом өлчөмүндө;

- адиситештирилген саламаттык сактоо уюмдарына медициналык кызмат көрсөтүүлөрү үчүн акы төлөөнүн базалык ченеми:
  - онкологиялык кызматка 7 318,97 сом өлчөмүндө;
  - гематологиялык кызматка 19 584,05 сом өлчөмүндө;
  - кардиохирургиялык кызматка 100 000 сом өлчөмүндө;
  - психиатриялык кызматка 24 627,08 сом өлчөмүндө;

- Үй-бүлөлүк дарыгерлерди каржылоонун киши башына ченеми 171,42 сом өлчөмүндө.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарын кошпогондо, республикалык бюджеттин каражаттарынан каржылоо стандарттарынын көрсөткүчтөрү:

- Үй-бүлөлүк медицина борборлорун каржылоонун киши башына ченемдери 156,36 сом өлчөмүндө;

- тиш дарылоо бейтапканаларды каржылоонун киши башына ченемдери 130,64 сом өлчөмүндө;

- 1 тез жардам бригадасын каржылоо ченеми 639 889,78 сом өлчөмүндө.

Мамлекеттик кепилдиктер программасында калктын айрым категорияларына акысыз көрсөтүлүүчү тиш дарылоо боюнча жардамдын көлөмү аныкталган (балдардын, кош бойлуулугу боюнча каттоодо турган аялдардын ооз көңдөйүн профилактикалык кароо, 10 жашка чейинки балдардын, 70 жашка чейинки жана андан улуу пенсионерлердин, жашаган жеринде кош бойлуулугу боюнча каттоодо турган (каттоодо) аялдардын ооз көңдөйүн дарылоо).

ММК фондунун 2022-жылга консолидацияланган бюджетинин чыгашаларынын түзүмүнүн эң чоң үлүшүн 98,8 %ын Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген ММК фондунун аймактык башкармалыктары менен түзүлгөн келишимдердин негизинде калкка медициналык, профилактикалык жана фармацевтикалык кызматтарды көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарынын чыгымдары түзөт.

2022-жылга Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдары жана фармацевтикалык кызмат көрсөтүүчүлөр менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн, чыгымдардын болжолдонгон көлөмү 19 729,8 млн. сомду түзөт, анын ичинен: амбулаториялык кызматты каржылоого 11 944,8 млн. сом, стационардык кызматка 6 429,7 млн. сом, тез жардам жана кечиктирилгис жардам кызматына 182,9 млн. сом, саламаттык сактоо жаатындагы илимий изилдөөлөргө жана конструктордук иштеп чыгууларга 258,3 млн. сом, жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо программаларына 462,0 млн. сом жана башка категорияларга кирген саламаттык сактоо кызматтарына 452,1 млн. сом бөлүнөт.

Мындан тышкары, ММК фондунун 2022-жылга бюджетинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-августундагы № 441 “Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандар үчүн гемодиализ кызматтарын уюштуруу жана аларды көрсөтүү тартибин бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык максаттуу чыгымдар болжолдонот.

Жеке медициналык борборлордо акы төлөнүүчү дарыланууда болгон, терминалдык баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооруган, дарыланууга өтө муктаж болгон бейтаптарды жеңилдетилген дарылоо менен камсыз кылуу, ошондой эле гемодиализ кызматын алууда бейтаптар үчүн чыгымдардын жүгүн азайтуу максатында, 2022-жылга карата бюджетте 1 421,3 млн. сом суммасында каражатты кароо болжолдонууда.

Мамлекеттик программалар, иш-чаралар жана төлөмдөр боюнча чыгымдардын түзүмүндө, жеңилдетилген дары-дармек каражаттары менен камсыздоого акы төлөөгө багытталган болжолдонгон чыгашалар 462,0 млн. сом өлчөмүндө.

2022-жылы медицина тармагына техникалык жабдууларды жакшыртуу жана медицина жаатындагы жаңы технологияларды киргизүү үчүн, ММК фондунун бюджетинен саламаттык сактоо уюмдарына 50,0 млн. сом суммасында каражат бөлүү болжолдонууда.

Мындан, тышкары, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 77-беренесинин 5-пунктуна ылайык, ММК фонду Милдеттүү медициналык камсыздандыруу программасы боюнча саламаттык сактоо уюмдарынын медициналык жана алдын алуу кызмат көрсөтүүлөрүн каржылоого жумшалган каражаттардын жалпы көлөмүнөн бир айлык каржылоодон кем болбогон көлөмдө, каржылык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн камсыздандыруу корун түзө тургандыгы белгиленген.

Буга байланыштуу, мыйзам долбоору менен ММК фондунун 2022-жылга бюджетинде Фонддун чыгашалар боюнча милдеттенмелерин аткаруу үчүн 2022-жылга - 254,9 млн. сом, 2023-жылга - 269,3 млн. сом, 2024-жылга - 284,5 млн. сом өлчөмүндө каражаттарды резервге коюу сунушталууда, аларды финансылык колдоо үчүн киреше жетишсиз болгон учурда колдонууга болот.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 10-январындагы № 4 “Бирдиктүү төлөөчү системасында бюджеттик эрежелерди жана жол-

жоболорду жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтому менен ММК фондунун бюджетин түзүү, карап чыгуу, бекитүү жана аткаруу тартиби жөнүндө жобо жана Камсыздандыруу корун түзүү жана пайдалануу тартиби бекитилген.

## ММК фондунун жана анын аймактык башкармалыктарынын административдик чыгымдары жана маалыматтык камсыз кылууга каралган чыгымдары

2022-жылы ММК фондунун ишин финансылык жактан камсыздоого, аппаратты жана анын аймактык башкармалыктарын каржылоого 200,0 млн. сом бөлүү пландаштырылууда, анын ичинен Борбордук аппаратка – 81,1 млн. сом жана аймактык башкармалыктарга – 118,9 млн. сом.

Ошол эле учурда белгилей кетүү керек, 2021-жылга бекитилген негизги персоналдын штаттык ырааттамасы боюнча ММК фондунун борбордук аппаратында штаттык бирдиктердин саны 64 бирдикти жана тейлөөчү персоналдын саны 13 бирдикти, аймактык башкармалыктар боюнча негизги персоналдын саны 124 бирдикти жана тейлөөчү персоналдын саны 72 бирдикти түзөт.

ММК фондунун Борбордук аппаратынын 2022-жылга административдик чыгымдары, чыгымдардын төмөнкү топтору боюнча жалпы суммасы 81,1 млн. сом өлчөмүндө болжолдонууда:

- эмгек акыга – 42,6 млн. сом;
- Социалдык фондго чегерүүлөр – 6,4 млн. сом;
- товарларды жана кызматтарды колдонуу – 11,0 млн. сом;
- товарларды жана кызматтарды сатып алууга – 1,2 млн. сом;
- негизги фонддор – 19,9 млн. сом.

2022-жылга ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын административдик чыгымдары, чыгымдардын төмөнкү топтору боюнча жалпы суммасы 118,9 млн. сом суммасында болжолдонууда:

- эмгек акыга – 82,5 млн. сомов;
- Социалдык фондго чегерүүлөр – 12,4 млн. сом;
- товарларды жана кызматтарды колдонуу – 14,3 млн. сом;
- товарларды жана кызматтарды сатып алууга – 4,3 млн. сом;
- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө – 1,4 млн. сом;
- негизги фонддор – 4,0 млн. сом.

2022-жылы ММК фондун жана анын аймактык башкармалыктарын каржылоого чыгашалардын үлүшү ММК фондунун жалпы жылдык бюджеттик чыгашаларынын 1,0 %ын түздү жана тиешелүүлүгүнө жараша 2023-жылы жана 2024-жылы бул чыгашалар 2022-жылдын деңгээлинде пландаштырылган.

Мындан тышкары, ММК фондунун 2022-жылга карата бюджетинде милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасын маалыматтык-

коммуникациялык камсыздоого кеткен чыгымдарга, анын ичинде финансылык башкаруунун маалымат системаларын иштеп чыгуу, ишке ашыруу, коштоп жүрүү боюнча иш-чараларды (АИС.Казна.ММК фондунун бюджети), дарыланып чыккан учурлар, милдеттүү медициналык камсыздандыруунун алкагында камсыздандырылган адамдар, катталган калк боюнча маалымат базаларды ж.б. финансылык камсыздоого 30,0 млн сом өлчөмүндө каражат каралган.

## Жыйынтыктар

Сунушталып жаткан Мыйзам долбоору жалпысынан Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптарына шайкеш келет, "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна тиркемелер Бюджеттик классификацияга ылайык түзүлдү.

Ошол эле учурда төмөнкүлөрдү белгилей кетүү керек:

- "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунда республикалык бюджеттен берилүүчү бөлүнгөн акча каражаттар "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна караганда 386,8 млн. сомго аз каралган;
- ММК фондунун 2022-жылга бюджетинин долбоорунда эпидемиянын очогунда жана ага теңдештирилген аймактарда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине жана ишке тартылган адамдарга компенсациялык төлөмдөр каралган эмес, аталган каражаттар 2022-жылга республикалык бюджеттин социалдык пакетинде каралган;
- камсыздандыруу төгүмдөрү толук алынып жаткандыгын текшерүү максатында, ММК фонду тарабынан камсыздандырылган адамдардын реестринин маалыматтарынын түзүлүшү жана аныктыгы көзөмөлдөнбөйт жана ММК фонду менен Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын ортосунда ММК боюнча камсыздандырылган адамдардын саны жөнүндө маалыматтарды салыштырып текшерүү жүргүзүлбөйт;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2020-жылдын 17-декабрындагы № 4275-VI токтому аткарылган жок, мында Өкмөткө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 26-апрелиндеги №2397-VI "Кыргыз Республикасынын 2019-жылга Бюджеттик резолюциясы жана 2020-2021-жылдарга божомолу жөнүндө" токтомун ММК фонду үчүн арналган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшкөн

көлөмүнөн 3 пайызын Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кармап калуусун жокко чыгаруу жаатында аткаруу тапшырмасы берилген;

- ММК фондунун Борбордук аппараты менен кайталанган функцияларды четтетүү бөлүгүндө, ММК фондунун аймактык башкармалыгын күтүү боюнча чыгымдарга жана штаттык санга оптималдоо жүргүзүлгөн эмес.

## Сунуштар

ММК фондунун бюджетинин долбоорунун параметрлерин "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна шайкеш келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине төмөнкүлөр сунушталат:

- COVID-19 коронавирус инфекциясы боюнча пандемиянын уланышына, өлкөдө өзгөчө абалдын сакталышына жана саламаттык сактоо секторунда ишке ашырылуучу чыгымдардын артыкчылыкка ээ экендигине байланыштуу, ММК фондунун бюджети жөнүндө мыйзам долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинде кароодо, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексине жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясындагы документтер менен иштөө Регламентине ылайык карап чыгуу, макулдашуу, жана андан ары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жөнөтүү мөөнөттөрү сакталсын;

- Программанын аягында Келишим күчүнө киргенден 6 ай өткөндөн кийин, Төлөмдөр менен байланышкан индикаторлорго жетишпесе (же жарым-жартылай гана жетишилген болсо) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги алынган авансардын суммасын Жыйынтыктарга негизделген программа жабылган күнгө чейин Дүйнөлүк банкка кайтарып берүүсүн, Жыйынтыктарга негизделген программанын (ЖНП) аягында Финансы министрлиги ЖНП жабылган күнгө чейин Дүйнөлүк банкка ЖНП боюнча алынган, ЖНП программасынын бүткүл мезгили үчүн иш жүзүндөгү чыгашалардан ашкан сумманын ордун толтуруусун четтетүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги келерки жылы ММК фондунун бюджетине республикалык бюджеттен берилүүчү бөлүнгөн акча каражаттары боюнча контролдук сандарды түзүүдө, КР Саламаттык сактоо министрлиги жана ММК фонду боюнча Төлөмдөр менен байланышкан индикатордун пландаштырылган төлөмдөрүнө ылайык, Программанын администраторлору боюнча келип түшүүчү гранттык каражаттарды болжолдоо жаатында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин, КР Саламаттык сактоо министрлигинин жана ММК фондунун буйруктары менен бекитилген "Баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү уюмдарынын кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу боюнча программанын" Операциялык колдонмосун жетекчиликке алсын;

- “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунда эпидемиянын очогунда жана ага теңдештирилген аймактарда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине жана ишке тартылган адамдарга компенсациялык төлөмдөргө каралбаган чыгымдар киргизилсин;

- камсыздандыруу төгүмдөрүн алууну пландаштыруунун толуктугун камсыз кылуу максатында, ММК фондундагы администрацияланган персонификацияланган эсепке алуу маалыматтарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду ММКга төгүмдөрдү төлөөчүлөрдүн санын салыштыруу үчүн такталган маалыматтар менен камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 26-апрелиндеги №2397-VI “Кыргыз Республикасынын 2019-жылга Бюджеттик резолюциясы жана 2020-2021-жылдарга божомолу жөнүндө” токтомун ММК фонду үчүн багытталган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшкөн көлөмүнөн 3 пайызын, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кармап калуусун жокко чыгаруу жаатында аткарылышы камсыздалсын;

- ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын ММК фондунун борбордук аппараты менен кайталануучу функцияларын жоюу менен, штаттык саны жана чыгымдары оптималдаштырылсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **З.С. Жоошбеков**